**УДК 373.2**

***Эсенгулова А.***

*Эсенгулова Айзада – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ОКУТУУДА КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН РОЛУ

# РОЛЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ КОМПЬЮТЕРНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОБУЧЕНИИ УЧАЩИХСЯ МЛАДШИХ КЛАССОВ

# THE ROLE OF USING COMPUTER TECHNOLOGIES IN TEACHING ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

***Аннотация*** –макала башталгыч мектеп окуучуларын окутууда компьютердик технологияларды колдонуунун ролу жана окуучулардын активдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жаңы каражаттарды иштеп чыгуу зарылдыгын негиздөөгө арналган.

***Аннотация***- статья посвящена обоснованию роли применения компьютерных технологий в обучении младших школьников и необходимости разработки новых средств развития активной творческой деятельности учащихся.

***Annotation***- The article is devoted to the substantiation of the role of the use of computer technologies in the education of younger schoolchildren and the need to develop new means of developing active creative activity of students.

***Түйүндүү сөздөр***: компьютердик технологиялар, көндүмдөр ,денгээл ,билимдер, билгичтиктер, натыйжалуу, уюштуруу, өнүктүрүү

***Ключевые слова:*** компьютерные технологии, навыки, уровень, знания, эффективность, организация, развитие.

***Key words***: computer technology, skills, level, knowledge, efficiency, organization, development

Азыркы учурдун талабы жалпы билим берүү системасын компьютерлештирүү жана маалыматташтыруу концепциясынын негизинде, окутуунун технологиясын иштеп чыгуу. Башталгыч мектеп окуучуларын окутууда компьюттердик технологияларды колдонуунун негиздерин башталгыч класстар үчүн жөн гана адаптация кылып колдонуу катары карабай, окучуунун окуу чөйрөсүн комплекстүү өзгөртүп түзүп, анын активдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жаңы каражаттарды иштеп чыгуу катары караш керек. Кенже класстын окучууларын окутууда компьютерди колдонуу, өнүктүрүүчү чөйрөдө байытуучу жана өзгөртүүчү элемент болуп калышы керек. Анткени, бул жаш курак мезгилде баланын аң-сезиминин тез өнүгүшү байкалат жана анын андан аркы интеллектулдык өнүгүшү түптөлөт. Чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн компьютердик технологияларды колдонуу ыкмалары көп, тактап айтканда компьютердик моделдештирүүдөн жана виртуалдык эксперименттерди коюудан баштап, жаңы терминологияларды өздөштүрүүгө чейин.

Мунун башталгыч билим берүүнүн методикасында ишке ашарын педагогикалык практика көрсөтүп турат. Педагогиканын өнүгүшү, компьютердик технологияларды окутууда колдонуунун, ой жүгүртүүгө, акыл-эске, көңүл буруудга, элестетүүгө, окуучунун өзүн өзү баалоосуна, өзүнүн иш аракеттерин пландоого, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациялык компонентине багыттуу таасир этүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонот.

Компьютердик технология жалаң эле статистикалык маалыматтарды, ар түрдүү амалдарды аткарып топтобостон, башкаруу жана аткаруу жумуштарында дагы жигердүү колдонулуп келүүдө. Кийинки мезгилдерде дагы бир өзгөчөлүк, билим берүү системасына коюлган маселелерди чечүүдө тиешелүү маалыматтык ар кандай технологиясына карата электрондук формадагы (вариантындагы) аткаруу технологиясын иштеп чыгуу актуалдуу маселелерден болууда.

Бул маселелерди камтыган көптөгөн илимий-теориялык, практикалык изилдөөлөрдөгү материалдардан сырткары электрондук китептер, электрондук формадагы талдоолор, контролдоо тесттери жана айрым окутуунун комплекстери (кесиптик багыттагы адистик предметтер боюнча) билим берүү системасында колдонулуп жатат.

Дидактикалык материалдар катары өздөштүүдө жаңы информациялык технологиялардын көптөгөн (тексттер, графикалар, сандар, сөздөр, үндөр, көрүнүштөр, сүрөттөр, ж.б.) түшүнүктөрүн бирдиктүү окуу каражаттары түрүндө топтоого сунуштар копчулуктун конул борборунда болуп келет.

Ошону менен бирге башталгыч мектептерде предметтерди компьютердик технологиялар (КТ) аркылуу окутууда, билим берүүдө предметтик сабактарды өтүү үчүн мультимедиалык технологияны колдонуу боюнча окутуунун методикалык комплексин түзүү максатка ылайыктуу.

Компьютердик технологиянын жардамы менен окутуу практикалык көндүмдөрдү гана өзгөртпөстөн, окуучулардын психологиялык өнүгүшүн дагы өзгөртө алат. Жалпылап айтканда, бул технология психология илиминин өнүгүшүнө да түрткү берет жана анын негизги категорияларын, принциптерин окутуунун элементардык структураларын колдонуу менен окутууда негизги шарттарды эсепке алуу менен бүтүн окутуу прцессин конструкциялайт жана окутуунун таанып-билүү ишмердүүлүгүн камсыз кылат.

Каралган ыкма бүтүн бөлүнбөгөн мүнөзгө ээ жана окутуу процессинде окуучу менен мугалимдин ортосундагы жалпылаштырылган өз ара байланыш моделин түзөт.

Акыркы 10 жылдыкта жалпы билим берүү тармагында, ошондой эле башталгыч мектепте маалыматтык жана компьютердик технологияларды кеңири колдонуу проблемалары [**Ошибка! Источник ссылки не найден.**] пайда болду, ошону менен бирге эле Ата Мекендик педагогика илиминде кызыгуу күчөдү.

Россияда компьютердик технологиянын жардамы менен дидактикалык маселелерди чечүү төмөнкү окумуштуулардын эмгегинде берилген: А.П. Ершов, А.А. Кузнецов, Т.А. Сергеева, И.В. Роберт; Б.С. Гершунский, Е.И. Машбица, Н.Ф. Талызина; психологдор - В.В. Рубцова, В.В. Тихомирова жана башкалар.

В.Г. Белинскийдин [**Ошибка! Источник ссылки не найден.**] педагогикалык макалаларында ар бир инсандын интеллектиси ички күчтөрүнүн бардык жөндөмдүүлүгүн мобилизациялоого, ар дайым өзүн өзү жеткиликтүү тарбиялоосуна куч жумшоосу жөнүндө айткан. В.Г. Белинский окутууда балдардын кызыкчылыктарына негизделген, алардын жаш өзгөчөлүгүн жана жекече шыгын эске алган методдорду киргизүүнү сунуштаган.

Академик В.М. Глушков мындай деп белгилеген: «...адамдын маалыматты кайра иштетүү жөндөмдүүлүктөрү чектелген. Так ошол башкаруунун автоматташтырылган системалары миңдеген жылдардан бери өнүгүп келаткан уюштуруучулук жана экономикалык мүнөздөгү куралдар менен тыгыз өз ара аракеттешүүдө экинчи маалыматтык барьерди – башкаруу милдеттеринин суммардык татаалдыгын жеңүүгө

жардам бере алат». Так ошондуктан күн тартибинде башкаруунун автоматташтырылган системаларын билим берүү тармагына киргизүү, эң башкысы – билим берүү кызматкерлерин системаларды кесиптик ишмердүүлүктө колдонууга даярдоо милдети курч турат [0].

Компьютердик-маалыматтык каражаттарынын базасында калыптануучу билим берүү чөйрөсүн, биринчиден, инсанга багытталган окутуунун алкактарында, экинчиден, жаңы билим берүүчүлүк натыйжалардын жетишкендиктерине – окуучуларда изилдөөчүлүк жана долбоорлоочулук билгичтиктер менен жөндөмдүүлүктөрдү артыкчылыктуу калыптандырууга таянуу менен иштеп чыгуу максатка ылайыктуу. Ушундай болгондо гана электрондук билим берүүчүлүк ресурстар өздөрү кирген билим берүү ишмердүүлүгүн принципиалдуу (максаттык негиздер боюнча) өзгөртө алышат.

Ал эми Н.А. Добролюбовдун сөзү боюнча «педагогдордун милдети – балдарды өз алдынчалуулукка көндүрүү, билимге кызыгуусун ойготуу, предметтер боюнча ачык, толук түшүнүктөрдү билдирүү, ишмердүүлүгү үчүн бардык жөндөмдүүлүктөрүн жана аларды толук өнүп өстүрүүгө материалдарды берүү» [**Ошибка! Источник ссылки не найден.**, 185 б.]

Көпчүлүк изилдөөчүлөр орто мектептер үчүн жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөгү материалдардын негизинде илимий жалпылоолорду жүргүзүшкөн. Бирок, педагогикалык илимдеги орто мектеп жашындагы окуучуларга иштелип чыккан сунуштар башталгыч мектептер үчүн колдонулбайт. Педагогикалык адабияттар боюнча жүргүзүлгөн анализ бүгүнкү күндө активдүүлүктүн принциби окутуунун фундаменталдык принциптердин бири экенин тастыктап көрсөттү.

Информатиканын мектептик курсунун жана орто окуу жайлык курсунун мазмундарынын улантуучулугу болочок мугалимдердин маалыматтык маданиятын калыптандыруунун зарыл шарты болуп эсептелет. А. А. Кузнецов менен О. А. Дяшкина информатиканын предметтик аймагынын структурасын төрт блокко бөлүүгө болот деп эсептешет: теориялык информатика, маалыматташтыруунун каражаттары, маалыматтык технологиялар, социалдык информатика. Бул блоктордун мазмунун анализдөөнүн негизинде мектептик курска теориялык информатикадан алгоритм теориясынын негиздери гана киргизилгени, маалыматтык технологиялар өтө аз берилгенин белгилешет. Маалыматташтыруунун каражаттары – программалоо тилдери, операциялык системалар, инструменталдык программалык каражаттар эң жакшы берилген [**Ошибка! Источник ссылки не найден.**].

Республикабызда компьютердик маалыматтык - технологиялык предметтерин окутуу боюнча окумуштуулар Ж.У. Байсалов, Б.Ж. Баячорова, О.Н. Басина, Т. Бекболотов, О.А. Деревянкина, А.Ж. Жайнаков, Ж.Р. Жаналиева, К.К. Какишев, А.М. Кененбаев, Т.Р Орускулов, П.С. Панков, А.С. Өмүралиев, П.Э. Эшенкулов ж.б. эмгектеринде изилденип, бул предметти ЖОЖдордо, башталгыч жана орто мектеп программасында окутуунун проблемалары, анын методикалык өзгөчөлүктөрү боюнча жыйынтыктар алынган.

Азыркы учурда жалпы мектеп мугалимдеринин,анын ичинде башталгыч мектептин мугалимдеринин « компьютердик маалыматтык маданияты» түшүнүгү бир кыйла кеңири. Башталгыч мектептин ар бир мугалими маалыматтын жөн гана керектөөчүсү эмес, маалыматтык агымдардын катышуучусу. Адис үчүн төмөнкү сапаттарга: каалагандай чагылыштагы жана каалагандай алып жүрүүчүдөгү маалыматтын ар кыл булактары менен иштөө билгичтиги; маалыматты берүүнүн негизги ыкмаларын колдоно билүү; издөөнүн ар кыл системаларынын мүмкүндүктөрүн билүү; өзүнүн кесиптик

иштерин чечүүдө компьютердик технологияларды колдонуу адатына ээ болуу маанилүү. Башталгыч мектеп мугалимдеринин маалыматтык маданиятын калыптандыруу комплекстүү түрдө, жогорку окуу жайда окутуунун бардык этаптарында,кесиптик багыттагы жана информатика сабагында да, башка сабактарда да ишке ашырылууга тийиш.

Билим берүүдө маалыматтык -коммуникациялык технологиялардын (МКТ) каражаттарын түзүү жана колдонуунун теориясы жана методикасы сферасындагы мугалимдерди фундаменталдык даярдоонун жоктугу бардык деңгээлдердеги окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу, билим берүүнү башкаруунун сапатын жакшыртуу максатында заманбап технологиялардын мүмкүндүктөрүн колдонууга жол бербейт. Башталгыч мектептин мугалимдеринин компьютердик-маалыматтык көндүмүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максаты билим берүүдө информатиканын жана компьютердик-маалыматтык коммуникациялык технологиялардын методдорун колдонуу сферасындагы жогорку педагогикалык билим берүү системасында болочок башталгыч мектеп мугалимдерин даярдоонун методикалык контекстине кирген төмөнкү жаңы факторлорду эсепке алуу зарылдыгына алып келет:

- ✓ предметтик сабактарды окутуунун уюштуруучулук-методикалык жабдуусу (билим берүү стандарты, окуу пландары, программалар ж.б.);
- ✓ предметтик аймактын илимий жана технологиялык пландагы абалы, маалыматташтыруунун программалык-аппараттык каражаттары;
- ✓ компьютердик технологиялар сферасындагы адистик даярдоо.

Аталган максаттарды аткаруу зарылдыгы субъектинин бардык процесстердин активдүү катышуучусу катары, спецификасын эске алуучу ишмердиктүүлүктүн ыгынын негизинде болочок башталгыч мектеп мугалими боюнча адистин компьютердик - маалыматтык компетенциясын калыптандыруудагы методикалык аспектини күчөтүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт. Окутуунун бул ыгынын негизинде иштелип чыккан технологиясы, мугалимдин программалык материалды жөн гана өздөштүрүүсүн эмес, алардын таанып-билүү ишмердигин уюштурууну да камтыйт. Башкача айтканда, мугалим-адиске окуу дисциплиналарын билүүдөн тышкары метабилимдерди да өздөштүрүү зарыл.

Азыркы социалдык-экономикалык шарттарда бардык профилдердеги адистердин эң маанилүү сапаты болуп анын болочок кесиптик ишмердигине даярдыгы эсептелет. Жогорку же атайын орто окуу жайынын башталгыч билим беруу адистигин бүтүрүүчүсүнүн эмгек рыногундагы ийгилиги анын кесиптик даярдоонун жүрүшүндө алган билимдери менен гана эмес, андан башка да бир катар объективдүү жана субъективдүү факторлор менен шартталган. Аларга таанып-билүү ишмердигинин жана практикалык ишмердиктин жүрүшүндө калыптанган билгичтиктер жана көндүмдөр, кесиптик көндүмтөр, кесиптик жана турмуштук тажрыйба, инсандын психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрү ж. б. кирет.

Ошентип, адисти кесиптик ишмердикке даярдоонун негизги милдеттеринин бири болуп компьютердик технология сферасындагы, мугалимдин иштөө технологиясын түзө турган, практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу саналат.

Жалпылап айтканда, башталгыч мектеп мугалиминин окуучуларды окутууда компьютердик-маалыматтык маданияты коммуникациялык маданият менен – баарлашуу маданияты менен, сөздүн кеңири маанисиндеги диалог: адамдын адам менен диалогу, адамдын компьютер менен диалогу, ички диалог ж. б. менен тыгыз байланыштуу.

**Колдонулган адабияттар**


1. Андреев В.И. Педагогика: Учебный курс для творческого саморазвития. – 2-е изд. – Казань: Центр инновационных технологий, 2000. – 608 с.
2. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. Бишкек, 2002. С.129-131.
3. Базовая ИКТ компетенция как основа Интернет-образования учителя: Тезисы доклада
А.А. Елизарова на конференции RELARN-2004 июнь 2004 г. - Ассоциация RELARN. – http://www.relarn.ru/conf/conf2004/section3/3_11.html.
4. Бекбоев И.Б. Научные основы разработки и обучение решение задач в системе непрерывного математического образования: - Дисс. д-ра пед. наук: – Бишкек. - 1994.
5. Брусницына Г.Г. Вопросы подготовки студентов педагогического факультета к использованию компьютеров в начальной школе: Дис. ... канд. пед. наук. - Екатеринбург, 1994. - 160 с.
6. Временный государственный образовательный стандарт специальности «540605 - Педагогика и методика начального образования», утвержден приказом №434/1 МОиК КР от 22.06.2004 г.
7. Глушков В.М., Довгялло А.М., Машбиц Е.И.: Основные проблемы использования вычислительной техники в учебном процессе // Применение ЭВМ в учебном
процессе: Сб.докл. научн.-технич. сем. / Под ред. А.И.Берга. -М.: Сов. радио, 1969. - С.7-34.
8. Дрига И.И., Рих Г.И. Технические средства обучения в обшеобразовательных школах. М., 1985.
9. Ершов А.П., Звенигородский Г.А., Первин Ю.А. Школьная информатика концепции, состоянии, перспективы. Новосибирск ВЦ СО АН ССР, 1979
10. Завьялов А.Н. Формирование информационной компетентности студентов в области компьютерных технологий (на примере среднего профессионального образования): автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата педагогических наук // Тюмень, 2005. - 17 с.